КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2014-жылдын 30-сентябры, № 559

**Ишкер субъекттердин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоонун методикасын бекитүү жөнүндө**

Ишкердик ишке ченемдик укуктук актылардын таасирин баалоонун иштиктүү механизмдерин иштеп чыгуу, кабыл алынуучу ченемдик укуктук актылардын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине жана "Ишкердик ишти жөнгө салуунун ченемдик укуктук базасын оптималдаштыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Тиркелген: Ишкер субъекттердин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоонун методикасы (мындан ары - ЖСТТ методикасы) бекитилсин.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитет, административдик ведомстволор, башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- ишкердик ишти жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда ЖСТТ методикасын жетекчиликке алышсын;

- ЖСТТ методикасын окуп-үйрөтүү боюнча борбордук аппараттарда жана ведомстволук уюмдарда ишти уюштурушсун.

3. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги ишкердик ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун ЖСТТ методикасына шайкеш келүүсүнө экспертиза жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги:

- ЖСТТ методикасына жүргүзүлгөн жөнгө салуучу таасирди талдоого шайкеш келген стандарттарды (мындан ары – Стандарт) иштеп чыксын жана бекитсин;

- министрликтерге, мамлекеттик комитетке, административдик ведомстволорго, башка мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ишкердик ишти жөнгө салуучу ченемдик укуктук

КОНТРОЛЬ

01
03

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 30 сентября 2014 года № 559

**Об утверждении Методики проведения анализа регулятивного воздействия нормативных правовых актов на деятельность субъектов предпринимательства**

В целях выработки действенных механизмов оценки воздействия нормативных правовых актов на предпринимательскую деятельность, повышения качества и эффективности принимаемых нормативных правовых актов, в соответствии со статьей 19 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики» и статьей 4 Закона Кыргызской Республики «Об оптимизации нормативной правовой базы регулирования предпринимательской деятельности», руководствуясь статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики», Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить прилагаемую Методику проведения анализа регулятивного воздействия нормативных правовых актов на деятельность субъектов предпринимательства (далее – Методика АРВ).

2. Министерствам, государственному комитету, административным ведомствам, иным государственным органам, органам местного самоуправления:

- руководствоваться Методикой АРВ при разработке проектов нормативных правовых актов, регулирующих предпринимательскую деятельность;

- организовать работу в центральных аппаратах и подведомственных организациях по изучению Методики АРВ.

3. Определить Министерство экономики Кыргызской Республики уполномоченным органом по экспертизе анализа регулятивного воздействия проектов нормативных правовых актов, регулирующих предпринимательскую деятельность, на соответствие Методике АРВ.

4. Министерству экономики Кыргызской Республики:

- разработать и утвердить стандарты на соответствие проведенного анализа регулятивного воздействия Методике АРВ (далее - Стандарты);

- направить министерствам, государственному комитету, административным ведомствам, иным государственным органам, органам местного самоуправления Стандарты для применения при разработке

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Кирүүчү
Входящий № 1055
"01" 10 14
20 ж/г

актылардын долбоорлорун иштеп чыгууда колдонуу үчүн Стандарттарды жөнөтсүн.

5. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 20-декабрындагы № 603 "Ишкердик субъекттердин ишмердигине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоонун (ЖСТТ) усулу жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-июлундагы № 379 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 20-декабрындагы № 603 "Ишкердик субъекттердин ишмердигине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоонун (ЖСТТ) усулу жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 1-июлундагы № 395 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун тиркемесинин 15-пункту.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Премьер-министр** **Дж.К. Оторбаев**

проектов нормативных правовых актов, регулирующих предпринимательскую деятельность.

5. Признать утратившими силу:

- постановление Правительства Кыргызской Республики «О методике анализа регулятивного воздействия (АРВ) нормативных правовых актов на деятельность субъектов предпринимательства» от 20 декабря 2007 года № 603;

- постановление Правительства Кыргызской Республики «О внесении изменения в постановление Правительства Кыргызской Республики «О методике анализа регулятивного воздействия (АРВ) нормативных правовых актов на деятельность субъектов предпринимательства» от 20 декабря 2007 года № 603» от 11 июля 2011 года № 379;

- пункт 15 приложения к постановлению Правительства Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в некоторые решения Правительства Кыргызской Республики» от 1 июля 2013 года № 395.

6. Настоящее постановление вступает в силу со дня официального опубликования.

7. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел экономики и инвестиций Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

**Премьер-министр** **Дж.К. Оторбаев**

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2014-жылдын
«_30_» ____09________
№ 559 токтому менен
бекитилген

**Ишкер субъекттердин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоонун методикасы**

**1. Жалпы жоболор**

1. Бул методика ишкер субъекттердин ишине жана өнүгүүсүнө ченемдик укуктук актылардын (мындан ары- ЧУА) жөнгө салуучу таасирин талдоонун (мындан ары - ЖСТТ) тартибин белгилейт.

2. ЖСТТ методикасы ЧУАнын долбоорлорун иштеп чыгууда колдонуудагы ЧУАны талдоодо пайдаланылат. Ишкер субъекттердин ишине таасир көрсөтүүчү ЧУАнын долбоорлорун даярдоодо Методика ЧУАнын долбоорунда сунушталган ишкердик ишти жөнгө салуу ченемдерин негиздөөгө көмөктөшөт.

Методика колдонуудагы ЧУАга өзгөртүү жана толуктоо киргизүү зарыл болгон учурларда, ошондой эле «Ишкердик ишти жөнгө салуунун ченемдик укуктук базасын оптималдаштыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурларда колдонулат. Методика белгиленген ЧУАнын мамлекеттик жөнгө салуунун жыйынтыктарынын бул жөнгө салуунун максаттарына шайкештигин аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

3. Бул методикада төмөнкү терминдер колдонулат:

талдоо – укуктук, коррупцияга каршы, экологиялык, укук коргоочулук, гендердик жана сунушталган жөнгө салууну талдоонун, башка түрлөрүн жүргүзүү, ошондой эле атаандашуу жөндөмдүүлүгүнө таасирин талдоо менен байланышкан иш-аракет;

аналитикалык кат – жүргүзүлгөн ЖСТТнын жыйынтыктарын жана мамлекеттик жөнгө салуунун негиздемесин камтыган документ, анын негизинде ЧУАнын долбоору иштелип чыгат же колдонуудагы ЧУАга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилет, ЧУАнын долбоорун иштеп чыгууну демилгелеген мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан бекитилет;

аналитикалык куралдар – маалыматты иштеп чыгуу үчүн практикада колдонулган атайын методдор – “көйгөйлөрдүн дарагын” түзүү методу, “чыгым-пайда” методу, ишке ашыруу тобокелдиктерин баалоо методу;

кызыкчылыктар тобу – коомдук мамилелерди жөнгө салууда өзүнүн мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын канааттандыруу жана коргоо үчүн кызыкдар тараптардын бирикмеси (ишкерлер, жеке жактар жана алардын

Утверждена
постановлением Правительства
Кыргызской Республики
от «_30_» ___09___ 2014 года № 559

**Методика проведения анализа регулятивного воздействия нормативных правовых актов на деятельность субъектов предпринимательства**

**1. Общие положения**

1. Настоящая Методика устанавливает порядок проведения анализа регулятивного воздействия (АРВ) нормативных правовых актов (далее – НПА) на деятельность и развитие субъектов предпринимательства.

2. Методика АРВ используется при разработке проектов НПА и при анализе действующих НПА. При подготовке проектов НПА, оказывающих влияние на деятельность субъектов предпринимательства, Методика способствует обоснованию предложенных в проекте НПА норм, регулирующих предпринимательскую деятельность.

Методика используется в отношении действующих НПА в случае необходимости внесения в них изменений и дополнений, а также в случаях, предусмотренных Законом Кыргызской Республики «Об оптимизации нормативной правовой базы регулирования предпринимательской деятельности». Методика позволяет определить соответствие результатов государственного регулирования, установленного НПА, целям этого регулирования.

3. В настоящей Методике используются следующие термины:

анализ – действия, связанные с проведением правового, антикоррупционного, экологического, правозащитного, гендерного и других видов анализа предложенного регулирования, а также влияния на конкуренцию;

аналитическая записка – документ, содержащий результаты проведенного АРВ и обоснование государственного регулирования, на основе которого разрабатывается проект НПА или вносятся изменения и дополнения в действующие НПА, и утверждаемый руководителем государственного органа, инициировавшего разработку проекта НПА;

аналитические инструменты – используемые в практике специальные методы для обработки информации – методы построения «дерева проблем», метод «затраты-выгоды», методы оценки реализационных рисков;

группа интересов – объединение заинтересованных сторон для удовлетворения и отстаивания интересов ее членов (предприниматели, физические лица и их объединения, государственные органы и органы местного самоуправления) при регулировании общественных отношений;

бирикмелери, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

кызыкдар тараптар – изилдөөгө алынган көйгөйлөр жана/же сунушталуучу мамлекеттик жөнгө салуу таасири тийген юридикалык жактар, жеке жактар жана алардын бирикмелери, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

түпкү көйгөйлөр – башынан эле жагымсыз окуяга алып келген көйгөй;

жөнгө салуу таасиринин кесепеттерин баалоо – максатка жетүүнүн деңгээлин жана кызыкдар тараптар үчүн болжолдуу кесепеттерди баалоо;

көйгөй - кызыкдар тараптардын каршылык/нааразылыгын жараткан кырдаал, аны чечүү мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүн талап кылат;

ишкердик ишти жөнгө салуу – ишкер субъекттерге жана алардын ишине карата укуктарды, милдеттерди жана талаптарды белгилөө, ошондой эле мамлекеттик органдар/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен Ишкер субъекттердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу;

Ишкер субъекттердин ишине ЧУАнын жөнгө салуучу таасири – ишкердик ишти жөнгө салуучу ченемдердин ЧУАда болуусу.

4. ЖСТТ ЧУАнын долбоорун иштеп чыгуучулар тарабынан жүргүзүлөт. ЖСТТ жүргүзүүнүн жыйынтыгы болуп ушул Методиканын тиркемесинде келтирилген форма боюнча толтурулган аналитикалык кат жана айрым коомдук мамилелерге мамлекеттик жөнгө салуунун кыйла артыгыраак варианты чагылдырылган ЧУАнын долбоору эсептелет.

5. ЖСТТ принциптери болуп: негизделгендик, калыстык, ачыктык, ырааттуулук жана айкындуулук эсептелет.

## 2. Жумушчу топ. ЖСТТ жүргүзүүгө даярдануу

6. ЖСТТ жүргүзүү үчүн ЖСТТ өткөрүүнү демилге кылган мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын буйругу менен жумушчу топ бекитилет.

7. Топтун курамына жүргүзүлө турган жөнгө салуу чөйрөсүндө алектенген юриспруденция, финансы жана экономика тармагындагы адистер, ошондой эле макулдашуу боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коммерциялык уюмдардын жана ишкерлердин өкүлдөрү киргизилет. Жумушчу топтун курамына зарылдыгына жараша башка адистер, ошондой эле кызыкдар тараптардын өкүлдөрү кириши мүмкүн.

## 3. ЖСТТ жүргүзүүнүн стадиялары

8. ЖСТТ эки стадияда жүргүзүлөт: жарым-жартылай жана толук.

9. Жарым-жартылай ЖСТТ төмөнкүлөрдү камтыйт:



заинтересованные стороны – юридические лица, физические лица и их объединения, государственные органы и органы местного самоуправления, на которых воздействуют изучаемые проблемы и/или предлагаемое государственное регулирование;

корневая проблема – проблема, которая изначально привела к нежелательным событиям;

оценка последствий регулятивного воздействия – оценка уровня достижения цели и предполагаемых последствий для заинтересованных сторон;

проблема – ситуация, которая вызывает возражения/недовольство заинтересованных сторон, и ее решение требует вмешательства со стороны государственных органов;

регулирование предпринимательской деятельности – установление прав, обязанностей и требований в отношении субъектов предпринимательства и их деятельности, а также регулирование отношений между государственными органами/органами местного самоуправления и субъектами предпринимательства;

регулятивное воздействие НПА на деятельность субъектов предпринимательства – наличие в НПА норм, регулирующих предпринимательскую деятельность.

4. АРВ проводится разработчиком проекта НПА. Результатом проведения АРВ являются аналитическая записка, которая заполняется по форме, приведенной в приложении к настоящей Методике, и проект НПА, которые отражают наиболее предпочтительный вариант государственного регулирования определенных общественных отношений.

5. Принципами АРВ являются: обоснованность, объективность, прозрачность, последовательность и ясность.

## 2. Рабочая группа. Подготовка к проведению АРВ

6. Для проведения АРВ приказом государственного органа или органа местного самоуправления, инициирующего проведение АРВ, утверждается рабочая группа.

7. В состав рабочей группы включаются специалисты в области юриспруденции, финансов и экономики, в сфере вводимого регулирования, а также представители государственных органов и органов местного самоуправления, коммерческих организаций и предпринимателей по согласованию. В случае необходимости в состав рабочей группы могут включаться и другие специалисты, а также представители других заинтересованных сторон.

## 3. Стадии проведения АРВ

8. АРВ осуществляется по двум стадиям: частичный и полный.

9. Частичный АРВ включает:

- ачык маалыматты (эмпирикалык, статистикалык, аналитикалык) пайдалануу, негизги факторлорду жана тобокелдиктерди эсепке алуу;

- жөнгө салуунун "бардыгын кандай болсо, ошондой калтыруу" вариантынан тышкары, мамлекеттик жөнгө салууну өзгөртүүнү болжолдогон экиден кем эмес башка вариант иштеп чыгуу;

- жумушчу топтун мүмкүнчүлүктөрү менен чектелген аналитикалык шаймандарды колдонуу;

- экономикалык талдоону экономикалык көрсөткүчтөргө таасир эткен айрым факторлорду эсептөө менен, анын ичинде чыгым-пайданы эсептөө менен жүргүзүү. Ишенимдүү жана так баштапкы маалыматтар жок болгон учурда экономикалык талдоо үчүн болжолдонуучу чыгымдардын жана пайданын болжол менен эсептөөгө же ЧУАны ишке ашырууда республикалык (жергиликтүү) бюджеттин чыгымдарын жана ишкерлердин чыгымдарын жана пайдаларын гана эсептөөгө жол берилет;

- кесепеттерди эсепке алуу боюнча чектөөлөр пайда болуу ыктымалдуулугуна, пайда болуу мөөнөттөрүнө жана окуялардын байланышына жараша болот;

10. Толук ЖСТТ жарым-жартылай ЖСТТнын натыйжаларын өзүнө камтыйт. Толук ЖСТТ жүргүзүүдө жарым-жартылай ЖСТТ үчүн каралган бардык чектөөлөрдү алып салуу менен кеңейтилген талдоо жүргүзүлөт.

Толук ЖСТТ жүргүзүү тууралуу жумушчу топтун чечими көйгөйлөрдүн масштабына, анын татаалдыгына жана колдо болгон ресурстарга (убакыт жана адам ресурстары) көз каранды.

Толук ЖСТТ болжолдонуучу пайданын жана чыгымдын өлчөмү Кыргыз Республикасынын өткөн жылдагы ички дүн продуктусуна карата 0,1 пайызды түзгөн чондуктан жогору болгон учурда жүргүзүлөт.

## 4. ЖСТТ жүргүзүүнүн этаптары

11. 1-этап. Көйгөйлөрдү аныктоо

Бул этапта мамлекеттик орган/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан көйгөйлөрдү кароо үчүн негиз болгон маалыматтын бардыгы чогултулат жана жагымсыз окуялардын жана алардын себептеринин ортосундагы байланыштар аныкталат; түпкү көйгөйлөргө, алардын пайда болуу себептерине талдоо жана сүрөттөө жүргүзүлөт, ошондой эле мамлекеттик жөнгө салууну өзгөртүү аркылуу чечиле турган түпкү көйгөйлөр тандап алынат.

Бул этапты ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр керектелет:

- кызыкдар тараптардын нааразычылыгын пайда кылган терс окуялар, көрүнүштөр, фактылар, процесстер (мындан ары – окуялар) жөнүндө статистикалык жана аналитикалык маалыматтарды (расмий булактардан, талаада жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары, сурамжылоонун натыйжалары, анкета аркылуу алынган натыйжалар) чогултуу жана иштетүү;

- бардык аныкталган жагымсыз окуяларды талдоо, алардын



– использование доступной информации (эмпирической, статистической, аналитической), учет ключевых факторов и рисков;

– проработку, помимо варианта регулирования «оставить все как есть», не менее двух других вариантов, предполагающих изменение государственного регулирования;

– применение аналитических инструментов, ограниченных возможностями рабочей группы;

– проведение экономического анализа с исчислением влияния отдельных факторов на экономические показатели, в том числе, с расчетом затрат-выгод. При отсутствии достоверных и точных исходных данных для экономического анализа допускается приблизительный расчет предполагаемых затрат и выгод или расчет только затрат и выгод предпринимателей и затрат республиканского (местного) бюджета при реализации НПА;

– ограничения по учету последствий зависят от вероятности наступления, сроков наступления и связанности событий.

10. Полный АРВ включает в себя результаты частичного АРВ. При полном АРВ проводится расширенный анализ, при котором исключаются все ограничения, присущие частичному АРВ.

Решение рабочей группы о проведении полного АРВ зависит от оценки масштаба и сложности проблем, доступных ресурсов (время и человеческие ресурсы).

Полный АРВ проводится в случае, если размер предполагаемых выгод или затрат превышает величину, составляющую 0,1 процента от валового внутреннего продукта Кыргызской Республики за предыдущий год.

## 4. Этапы проведения АРВ

11. Этап 1. Определение проблем

На данном этапе осуществляется сбор всей информации, предоставляющей основания для рассмотрения проблем государственным органом/органом местного самоуправления, и выявляются связи между отрицательными событиями и их причинами; проводится анализ и описание корневых проблем, причин их возникновения, а также отбираются те корневые проблемы, которые будут решаться посредством изменения государственного регулирования.

Для проведения данного этапа необходимо:

- собрать и обработать статистическую и аналитическую информацию (из официальных источников, результаты полевых исследований, результаты опроса, результаты анкетирования) об отрицательных событиях, явлениях, фактах, процессах (далее – события), которые вызывают недовольство заинтересованных сторон;

- провести анализ всех выявленных неблагоприятных событий, выявить связи между ними и причинами, из-за которых они происходят;

ортосундагы байланышты жана келип чыгышына негиз болгон себептерди аныктоо; бардык аныкталган байланыштарды "көйгөйлөр дарагында" чагылдыруу;

- көйгөйлөрдүн масштабдарын аныктоо (экономикалык, социалдык, аймактык, мезгилдик жана башка өлчөмдөрдө);
- категориялардын ар бири: ишкерлер, жеке жактар жана алардын бирикмелери, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары боюнча кызыкдар тараптардын пикирине талдоо жүргүзүү жана алардын кызыкчылыктарына таасирин көрсөтүү;
- буга чейин ушул сыяктуу көйгөй каралган болсо, ал көйгөйдү чечүүнүн методдорун, ошондой эле алынган натыйжаларды сүрөттөө;
- талдоого алынган мамилелерди жөнгө салуу жаатындагы мыйзамдарга талдоо жүргүзүү, укук колдонуу тажрыйбасынын өзгөчөлүктөрүн сүрөттөө жана мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайсынысы кырдаалга кандай таасир тийгизээрин көрсөтүү;
- мындай көйгөйлөрдү чечүүнүн эл аралык тажрыйбасын сүрөттөө;
- түпкү көйгөйлөрдүн аныкталган көйгөйлөрдү чечүүгө ыйгарым укуктуу болгон мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын деңгээлине шайкештигин баалоо;
- мүмкүн болуучу ресурстук жана башка чектөөлөрдүн критерийлери боюнча чечүү үчүн түпкү көйгөйлөрдү тандоо;
- тандап алынган түпкү көйгөйлөрдү чечүүгө мамлекеттин кийлигишүүсү үчүн экономикалык жана укуктук негиздерди жана аларды азыркы учурда чечүүнүн актуалдуулугу боюнча далилдерди келтирүү.

Этаптын натыйжалары:

- аныкталган көйгөйлөрдү мамлекеттик орган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кароонун зарылчылыгын далилдөө;
- түпкү көйгөйлөрдү аныктоо;
- көйгөйлөрдүн масштабын, себептерин, алардын актуалдуулугун жана жөнгө салуучулук таасири үчүн негиздерин так сүрөттөө.

Этаптын жыйынтыгы боюнча аналитикалык каттын биринчи бөлүгү даярдалат.

Эгерде учурдагы мамлекеттик жөнгө салууну өзгөртүүгө экономикалык жана укуктук негиз жок болсо же көйгөйдү чечүү актуалдуу эмес деп табылса, жумушчу топ ЖСТТнын кийинки этаптарын жүргүзүү максатка ылайыктуу эместиги тууралуу чечим кабыл алат. ЖСТТ жүргүзүүнү демилге кылган мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан жумушчу топ берген негиздер жетиштүү деп табылган учурда ЖСТТ жүргүзүү процесси аяктайт.

12. 2-этап. Жөнгө салуунун максаттарын аныктоо

Бул этапта мамлекеттик жөнгө салуунун айкын максаттары



отразить все выявленные связи в «дереве проблем»;

- определить масштаб проблем (в экономическом, социальном, территориальном, временном и других измерениях);
- провести анализ мнений заинтересованных сторон по каждой категории: предприниматели, физические лица и их объединения, государственные органы и органы местного самоуправления и указать влияние на их интересы;
- при рассмотрении аналогичной проблемы ранее, описать методы решения данной проблемы, а также полученные результаты;
- провести анализ законодательства в части регулирования анализируемых отношений, описать особенности правоприменительной практики и указать какие государственные органы, органы местного самоуправления, каким образом влияют на ситуацию;
- описать международный опыт решения подобных проблем;
- оценить корневые проблемы на предмет соответствия уровню полномочий государственных органов и органов местного самоуправления, уполномоченных решать выявленные проблемы;
- отобрать корневые проблемы для решения по критерию возможных ресурсных и других ограничений;
- привести экономические и правовые основания для государственного вмешательства в решение отобранных корневых проблем и доказательства актуальности их решения в настоящее время.

Результаты этапа:

- доказательство необходимости рассмотрения выявленных проблем государственным органом и органом местного самоуправления;
- определение корневых проблем;
- точное описание масштабов, причин проблем, их актуальности и оснований для регулятивного воздействия.

По итогам этапа готовится первый раздел аналитической записки.

Если экономические и правовые основания для изменения существующего государственного регулирования отсутствуют или проблема признается неактуальной для решения, рабочая группа принимает решение о нецелесообразности проведения последующих этапов АРВ. В случае признания государственным органом или органом местного самоуправления, инициировавшим проведение АРВ, представленных обоснований рабочей группой достаточными, процесс проведения АРВ завершается.

12. Этап 2. Определение целей регулирования

На данном этапе формулируются конкретные цели государственного регулирования и определяются количественные и качественные индикаторы достижения целей (показателей воздействия) с целевыми значениями для оценки их достижения.

Для проведения данного этапа необходимо:

- выявить совокупность ограничений для формулирования целей.

калыптандырылат жана коюлган максаттардын ишке ашырылышын баалоо үчүн максаттуу көрсөткүчтөрү менен максатка жетүүнүн сандык жана сапаттык индикаторлору (таасир этүү көрсөткүчтөрү) аныкталат.

Бул этапты ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр керектелет:

- мыйзамдардын талаптары, мамлекетти, тармакты, аймакты өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттары, финансылык жана мезгилдик ресурстар менен камсыз болуусу жана башка ушул сыяктуу чектөөлөр менен байланышкан максаттарды түзүү үчүн чектөөлөрдүн жыйындысын аныктоо;
- бул чектөөлөрдү эсепке алган мамлекеттик жөнгө салуунун максаттарын түзүү.
- максаттардын ишке ашырылышын баалоо үчүн сандык жана сапаттык индикаторлордун тизмесин аныктоо, алардын пландык маанисин белгилөө.

13. 3-этап. Жөнгө салуунун варианттарын айырмалоо критерийлерин аныктоо

Бул этаптын жыйынтыгында айырмалоо критерийлери аныкталышы керек, алардын негизинде жөнгө салуунун альтернативдүү варианттары иштелип чыгат жана алар жөнгө салуунун ар кандай варианттарынын мазмунуна таасир этиши мүмкүн.

Варианттарды айырмалоо критерийлери болуп кызыкчылыктардын, ресурстардын жана башка критерийлердин айрым комбинациялары саналат. ЖСТТнын жарым-жартылай же толук стадиясына карабастан, милдеттүү вариант болуп "бардыгын кандай болсо, ошондой калтыруу" варианты саналат. Бул вариант ЧУАны өзгөртүүнү талап кылбайт.

Жөнгө салууну өзгөртүүнү болжолдогон варианттарды иштеп чыгуу үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонууга болот:

- альтернативаларды иштеп чыгуу жөнгө салуунун ар бир варианты кызыкдар тараптардын топторунун биринин пикирин чагылдыргандай кылып түзүлүшү керек. Бул ыкмада киргизилүүчү жөнгө салуу чөйрөсүндө алектенген ишкерлердин бирикмесинин пикирин чагылдыруучу жөнгө салуунун варианты милдеттүү тартипте болушу керек;
- альтернативаларды иштеп чыгуу иш-аракеттердин багыты ар түрдүү чектөөлөрдөн (саясий, уюштуруучулук, мезгилдик, финансылык жана башка ушул сыяктуу чектөөлөр) көз каранды болуп түзүлүшү керек. Бул ыкмада ар бир кийинки вариант мурдагы вариантка салыштырмалуу жөнгө салуу ыкмаларын жана механизмдерин тандоо үчүн чектөөлөрдү кыскартууну талап кылат.

Башка ыкма: мамлекеттик жөнгө салууну кыскартуу.

14. 4-7 этаптар жөнгө салууну өзгөртүүнү шарттаган ар бир вариант үчүн аткарылат.

15. 4-этап. Жөнгө салууну иштеп чыгуу



связанных с требованиями законодательства, стратегическими целями развития государства, отрасли, территории, обеспеченностью финансовыми и временными ресурсами и другими аналогичными ограничениями;

- сформулировать цели государственного регулирования, которые учитывают данные ограничения;
- определить перечень количественных и качественных индикаторов оценки достижения целей, установить их плановое значение.

13. Этап 3. Определение критериев различия вариантов регулирования

В результате данного этапа должны быть определены критерии различия, на основе которых будут разрабатываться альтернативные варианты регулирования и которые могут влиять на различное содержание вариантов регулирования.

Критериями различия вариантов являются определенные комбинации интересов, ресурсов и других критериев. Обязательным вариантом, независимо от стадии частичного или полного АРВ, является вариант «оставить все как есть». Данный вариант не предполагает изменения НПА.

Для разработки вариантов, предполагающих изменение регулирования, можно использовать следующие способы:

- разработка альтернатив строится таким образом, чтобы каждый вариант регулирования отражал мнение одной из групп заинтересованных сторон. Данный способ в обязательном порядке должен иметь вариант регулирования, отражающий мнение объединения предпринимателей, осуществляющих деятельность в сфере вводимого регулирования;
- разработка альтернатив строится таким образом, чтобы направленность действий зависела от наличия различных ограничений (политических, организационных, временных, финансовых и других подобных ограничений). В данном способе каждый последующий вариант предполагает сокращение ограничений для выбора способов и механизмов регулирования, по сравнению с предыдущим вариантом.

Другой способ: сокращение государственного регулирования.

14. Этапы с 4 по 7 выполняются для каждого варианта, предполагающего изменение регулирования.

15. Этап 4. Разработка регулирования

В результате проведения данного этапа должно быть получено полное описание конкретных действий, которые должны быть предприняты для достижения целей.

Для проведения данного этапа необходимо:

- разработать расширенный спектр конкретных задач, которые обеспечивают достижение избранной цели;
- описать подробно решение каждой задачи (механизм регулирования и его особенности, инструменты регулирования, которые

Бул этапты ишке ашыруунун натыйжасында максатка жетүү үчүн алдын ала аткарылган конкреттүү иш-аракеттердин толук сүрөттөлүшү алынышы керек.

Бул этапты ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр керектелет:

- Тандап алынган максатка жетүүнү камсыз кылган конкреттүү милдеттердин кеңейтилген спектрин иштеп чыгуу;

- ар бир милдеттин чечилишин толук сүрөттөө (жөнгө салуу механизмдери жана анын өзгөчөлүктөрү, колдонула турган жөнгө салуунун шаймандары, аларды колдонуу ыкмасы жана масштабы, жөнгө салуу вариантын ишке ашыруу үчүн негизги чаралар жана алардын ырааттуулугу, жөнгө салуунун ушул вариантын ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү).

16. 5-этап. Күтүлүүчү кесепеттерди баалоо

Бул этапты жөнгө салуу вариантынын таасиринин натыйжаларына баа берилет.

Бул этапты ишке ашыруунун натыйжасында жөнгө салуунун сунуш кылынган чараларынын жөнгө салуу максаттарына жана ар кандай кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарына шайкештигине баалоо алынышы керек.

Бул этапты ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр керектелет:

- бул этапта кабыл алынган 2 индикатор боюнча жөнгө салуу вариантынын күтүлүүчү натыйжалуулугун аныктоо;

- ар бир категориянын (ишкер субъекттери, жеке жактар жана алардын бирикмелери, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары) сунушталган жөнгө салуусу боюнча кызыкдар тараптардын пикирине талдоо жүргүзүү жана алардын кызыкчылыктары кандайча козголуп жаткандыгын көрсөтүү.

17. 6-этап. Ишке ашыруу тобокелдиктерин талдоо

Бул этапта кароого алынган жөнгө салуунун вариантын ишке ашырууда келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди аныктоо зарыл.

Бул этап ишке ашырылгандан кийин ЧУАны жүзөгө ашырууда келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди баалоонун натыйжалары, ошондой эле бул тобокелдиктерге каршы аракет көрүү чаралары аныкталышы керек.

Бул этапты ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр керектелет:

- жөнгө салуунун кароого алынган вариантын ишке ашыруу учурунда мүмкүн болуучу тобокелдиктерди жана кыйынчылыктарды талдоо;

- бул тобокелдиктердин келип чыгуу ыктымалдуулугун жана кесепеттерин баалоо;

- бул тобокелдиктерге каршы аракет көрүү мүмкүнчүлүгүн баалоо жана жөнгө салуунун вариантын ишке ашырууда аларды азайтуу үчүн чараларды сунуш кылуу.



будут применены, способ и масштаб их применения, основные меры для реализации варианта регулирования, их последовательность и особенности реализации данного варианта регулирования).

16. Этап 5. Оценка ожидаемых последствий

На данном этапе осуществляется оценка ожидаемых последствий воздействия варианта регулирования.

В результате проведения данного этапа должна быть получена оценка соответствия предложенных мер регулирования целям регулирования и интересам различных заинтересованных сторон.

Для проведения данного этапа необходимо:

- определить ожидаемую результативность варианта регулирования по принятым на этапе 2 индикаторам;

- провести анализ мнений заинтересованных сторон относительно предложенного регулирования по каждой категории: субъекты предпринимательства, физические лица и их объединения, государственные органы и органы местного самоуправления, и указать каким образом затрагиваются их интересы.

17. Этап 6. Анализ реализационных рисков

На данном этапе необходимо определить риски, которые могут возникнуть при реализации рассматриваемого варианта регулирования.

После проведения данного этапа должны быть получены результаты оценки рисков, которые могут возникнуть при реализации НПА, а также определены меры противодействия данным рискам.

Для проведения данного этапа необходимо:

- проанализировать возможные риски и потенциальные сложности, которые могут возникнуть во время реализации рассматриваемого варианта регулирования;

- оценить вероятности возникновения и последствия наступления данных рисков;

- оценить возможности противодействия этим рискам и предложить меры для их снижения при реализации варианта регулирования.

18. Этап 7. Экономический, правовой, антикоррупционный анализы и анализ воздействия на конкуренцию

На данном этапе проводится экономический, правовой, антикоррупционный анализы и анализ воздействия на конкуренцию варианта регулирования, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики. При необходимости могут быть проведены экологический, правозащитный, гендерный анализы.

После проведения данного этапа должны быть получены результаты указанных видов анализов варианта регулирования.

Для проведения данного этапа при частичном АРВ необходимо:

18. 7-этап. Экономикалык, укуктук, коррупцияга каршы талдоолор жана атаандашуу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасирди талдоо

Бул этапта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салуунун вариантына экономикалык, укуктук, коррупцияга каршы талдоо жана атаандашуу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасирди талдоо жүргүзүлөт. Зарылдыгына жараша экологиялык, укук коргоочулук, гендердик талдоолор жүргүзүлүшү мүмкүн.

Бул этапты жүргүзгөндөн кийин жөнгө салуунун вариантына көрсөтүлгөн талдоону жүргүзүүнүн түрлөрүнүн жыйынтыктары алынышы керек.

Бул этапты ишке ашыруу үчүн жарым-жартылай ЖСТТ жүргүзүүдө төмөнкүлөр керектелет:

- 5-этапта кызыкдар тараптардын пикирине талдоо жүргүзүүдө аныкталган кызыкчылыктардын ар бир топтору үчүн бир тарабынан пайда көрүүнүн тизмесин (оң натыйжалар) жана экинчи тарабынан чыгымдардын тизмесин (терс натыйжалар) түзүү. Пайдалардын жана чыгымдардын тизмесине "бардыгын кандай болсо, ошондой калтыруу" вариантына кошумча болуп эсептелгендерди гана киргизүү керек;
- ар бир кесепетти сандык ченөө ыкмасын тандоо жана аны ченөө;
- ар бир кесепетке финансылык жактан баа берүү. ЧУАны ишке киргизүүдөн (дароо) же ЧУА ишке киргизилгенден кийинки биринчи эки жылдын ичинде келиши күтүлгөн кесепеттерге гана баа берилет;
- 6-этапта сунуш кылынган ишке ашыруу тобокелдиктерге каршы аракет кылуу боюнча чаралардын тизмесин түзүү жана аларга болжолдонуучу чыгымдардын наркына баа берүү.

Толук ЖСТТ жүргүзүү үчүн төмөнкүлөр керектелет:

- 5-этапта кызыкдар тараптардын пикирине талдоо жүргүзүүдө аныкталган ар бир кызыкчылыктардын топтору үчүн пайда көрүүнүн тизмесин (оң натыйжалар) жана чыгымдардын тизмесин (терс натыйжалар) түзүү. Пайдалардын жана чыгымдардын тизмесине "бардыгын кандай болсо, ошондой калтыруу" вариантына кошумча болуп эсептелгендерди гана киргизүү керек;
- ар бир кесепетти сандык ченөө ыкмасын тандоо жана аны ченөө;
- ар бир кесепетке финансылык жактан баа берүү. ЧУАны ишке киргизүүдөн (дароо) же ЧУА ишке киргизгенден кийинки биринчи эки жылдын ичинде келиши күтүлгөн кесепеттерге гана баа берилет;
- кесепеттердин ар бирин баалоо. Баалоого жарым-жартылай ЖСТТга таандык чектөөлөрдү албастан бардык күтүлүүчү кесепеттер киргизилет. Эсептөөлөрдү так жүргүзүү үчүн келечектеги пайданын жана чыгымдын азыркы учурдагы наркын аныктоо зарыл. Бул үчүн ушул көрсөткүчтөрдүн келтирилген таза наркын эсептеп чыгуу керек. Мында дисконт коюму үчүн акыркы эки жылдагы инфляциянын орточо көрсөткүчү алынышы мүмкүн;
- пайдалардын жана чыгымдардын, анын ичинде ишке ашыруудагы



- составить для каждой группы интересов, которые были выявлены на этапе 5 при проведении анализа мнений заинтересованных сторон, перечень выгод (позитивных последствий), с одной стороны, и перечень затрат (негативных последствий), с другой. В перечень выгод или затрат необходимо включать только те, которые являются дополнительными к существующим в варианте «оставить все как есть»;
- выбрать способ количественного измерения каждого последствия и измерить его;
- оценить каждое из последствий в финансовом выражении. Оцениваются только те последствия, наступление которых ожидается после введения НПА в действие (незамедлительно) или в течение первых двух лет после введения НПА в действие;
- составить список мер по противодействию реализационным рискам, предложенным на этапе 6, и присвоить им стоимостные оценки предполагаемых затрат.

При полном АРВ необходимо:

- составить для каждой группы интересов, которые были выявлены на этапе 5 при проведении анализа мнений заинтересованных сторон, перечень выгод (позитивных последствий), и перечень затрат (негативных последствий). В перечень выгод или затрат необходимо включать только те, которые являются дополнительными к существующим в варианте «оставить все как есть»;
- выбрать способ количественного измерения каждого последствия и измерить его;
- оценить каждое из последствий в финансовом выражении. Оцениваются только те последствия, наступление которых ожидается после введения НПА в действие (незамедлительно) или в течение первых двух лет после введения НПА в действие;
- оценить каждое из последствий. В оценку включаются все ожидаемые последствия без ограничений, присущих частичному АРВ. Для точности расчетов необходимо определить текущую стоимость будущих выгод и затрат. Для этого необходимо рассчитать чистую приведенную стоимость этих показателей. При этом для ставки дисконтирования может быть использован средний показатель инфляции за два последних года;
- сложить отдельно текущие стоимости выгод и затрат, включая затраты на реализацию мер противодействия реализационным рискам. Затем из первой суммы вычесть вторую. Полученный результат является чистой приведенной стоимостью данного варианта регулирования;
- провести анализ последствий варианта регулирования для различных групп, которых затрагивает предлагаемое регулирование.

19. После завершения этапов с 4 по 7 для каждого варианта, предполагающего изменение регулирования, подготовить второй раздел аналитической записки.

тобокелдиктерге каршы чараларды көрүү боюнча чыгымдардын учурдагы наркын өзүнчө кошуу. Андан кийин биринчи суммадан экинчисин кемитүү. Алынган жыйынтык жөнгө салуунун ушул вариантынын таза келтирилген наркы болуп эсептелет;

- болжолдонгон жөнгө салуу кызыкчылыктарын козгогон ар түрдүү топтор үчүн жөнгө салуу варианттарынын кесепеттерине талдоо жүргүзүү.

19. Жөнгө салууну өзгөртүүнү шарттаган ар бир вариант үчүн 4-7 этаптар аткарылгандан кийин аналитикалык каттын экинчи бөлүгүн даярдоо керек.

20. 8-этап. Ишке ашыруу үчүн жөнгө салуунун вариантын тандоо

Бул этапта мамлекеттик жөнгө салуунун каралып чыккан варианттарын салыштыруу жана ишке ашыруу үчүн кыйла артыкчылыктуу варианты тандалат.

Бул этапты жүргүзүүнүн жыйынтыгында мамлекеттик жөнгө салуунун бир кыйла артыкчылыктуу вариантын тандоого негиздеме алынышы керек.

Бул этапты ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр керектелет:

- жөнгө салуунун максаттарына жетүү деңгээли боюнча жөнгө салуунун ар бир вариантын ар кандай кызыкдар болгон жактардын кызыкчылыктарына шайкештиги боюнча баалоо;
- жөнгө салуунун варианттарын өз ара салыштыруу жана талдоонун жыйынтыгы боюнча эң артыкчылыктуусун тандоо;
- ЧУАнын долбоорун иштеп чыгуу;
- ЧУАнын долбööруна жана аналитикалык катка коомдук талкууну жүргүзүү жана мамлекеттик органга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына ЧУАнын долбоорунун жана аналитикалык каттын акыркы вариантын берүү.

Бул этаптын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик органга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына ЖСТТнын документтеринин толук пакетин даярдоо жана берүү керек.

21. 9-этап ЧУАны ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү жана жыйынтыктарды баалоо

ЧУАны ишке ашыруу мониторинг жүргүзүү жана жыйынтыктарды баалоо мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан жүргүзүлөт.

ЧУАны аткаруу процессинде мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ЧУАны колдонуунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзөт, ал үчүн коммерциялык эмес сектордогу уюмдарды (макулдашуу боюнча) ишке тартат. Мониторинг ЖСТТ жүргүзүүдө иштелип чыккан индикаторлорду (таасир этүү көрсөткүчтөрүн) пайдалануу менен жүргүзүлөт, бирок зарылдыгына жараша индикаторлордун курамы кеңейтилиши мүмкүн.

---



20. Этап 8. Выбор варианта регулирования для реализации

На данном этапе осуществляется сравнение рассмотренных вариантов государственного регулирования и выбор наиболее предпочтительного варианта для реализации.

В результате проведения данного этапа должно быть получено обоснование выбора предпочтительного варианта государственного регулирования.

Для проведения данного этапа необходимо:

- оценить каждый вариант регулирования по уровню достижения целей регулирования и по соответствию интересам различных заинтересованных сторон;
- сравнить варианты регулирования между собой и выбрать самый предпочтительный по результатам проведенного анализа;
- разработать проект НПА;
- провести общественное обсуждение проекта НПА и аналитической записки и представить в государственный орган или в орган местного самоуправления окончательные варианты проекта НПА и аналитической записки.

По итогам данного этапа необходимо подготовить и представить государственному органу или органу местного самоуправления полный пакет документов АРВ.

21.Этап 9. Реализация НПА, мониторинг и оценка результатов

Реализация НПА, мониторинг и оценка результатов выполняются государственным органом или органом местного самоуправления.

В процессе выполнения НПА государственный орган или орган местного самоуправления осуществляет мониторинг результативности применения НПА, с привлечением, по согласованию, организаций некоммерческого сектора. Мониторинг проводится с использованием разработанных при проведении АРВ индикаторов (показателей воздействия), но при необходимости состав индикаторов может быть расширен.

---

Ишкер субъекттердин ишине
ченемдик укуктук актылардын
жөнгө салуучу таасирин талдоонун
методикасына тиркеме

**Аналитикалык каттын формасы**

Мамлекеттик органдын аталышы

БЕКИТЕМИН

___________________
(кызматы)

___________________
(колу)
"____" ______________

**Жөнгө салуу таасирин талдоо**

_____________________________________________
(ЧУАнын долбоорунун аталышы)

**Иштеп чыгуу үчүн негиз:**
___________________________ № _______ буйрук/тескеме

**ЖСТТ жүргүзүү мөөнөтү:** _____________, _____________
(башталышы) (аякташы)

**Жумушчу топ:**

___________________________________
Аты-жөнү (колу)

___________________________________
Аты-жөнү (колу)

**Жооптуу адамдын байланыш маалыматтары:**
Аты-жөнү, тел., e-mail

**Көлөмү** - _______ барак, **тиркемелер** - ________.

**1. Көйгөйлөр жана мамлекеттик кийлигишүү үчүн негиздер**

Көйгөйдүн маңызын ар тараптан чагылдыруу жана ачуу, аны чечүү зарылдыгын негиздөө үчүн зарыл болгон маалымдама-аналитикалык маалымат киргизилет.

1) 1-көйгөйдү баяндоо

Чечүүнү талап кылган 1-көйгөйдүн так сүрөттөлүшүн камтыйт.

Приложение
к Методике анализа
регулятивного воздействия
нормативных правовых актов
на деятельность субъектов
предпринимательства

**Форма аналитической записки**

Наименование государственного органа

УТВЕРЖДАЮ

___________________
(должность)

___________________
(подпись)
«______» ______________

**Анализ регулятивного воздействия**

_____________________________________________
(наименование проекта НПА)

**Основания для разработки:**
Приказ/распоряжение №______ от ____________

**Сроки проведения АРВ:** _________________, _________________
(начало) (окончание)

**Рабочая группа:**

___________________________________
Ф.И.О. (подпись)

___________________________________
Ф.И.О. (подпись)

**Контактные данные ответственного лица:**
Ф.И.О. тел., e-mail

**Объем** – _______ **стр., приложений** – ______.

**1. Проблемы и основания для государственного вмешательства**

Включает справочно-аналитическую информацию, необходимую для всестороннего освещения и раскрытия сути проблемы, обоснования необходимости ее решения.

1) Формулировка проблемы 1

Содержит точное описание проблемы 1, требующей решения.

2) 2-көйгөйдү баяндоо

Чечүүнү талап кылган 2-көйгөйдүн так сүрөттөлүшүн камтыйт.

Төмөнкүлөр жөнүндө маалымат берилет:

- көйгөйдүн масштабы жөнүндө жана категориянын ар бири боюнча (ишкер субъекттери, жеке жактар жана алардын бирикмелери, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары) кызыкдар тараптар жөнүндө;

- кароого алынган көйгөйлөргө карата мыйзамдарга жана укук колдонуу практикасына талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары жөнүндө жана мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын таасири тууралуу;

- ушул сыяктуу көйгөйлөрдү чечүүнүн эл аралык тажрыйбасы жөнүндө.

Көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүүдө мамлекеттик кийлигишүү үчүн экономикалык жана укуктук негиздер көрсөтүлөт.

**2. Мамлекеттик жөнгө салуунун варианттары жана натыйжасын баалоо**

1) Жөнгө салуунун "кандай болсо, ошондой калтыруу" варианты

Учурдагы мамлекеттик жөнгө салууну калтырууда болжолдолуучу кесепеттер кыскача баяндалат.

2) Мамлекеттик жөнгө салуунун максаты

ЧУАны кабыл алуу максатынын так баяндамасын жана учурдагы мамлекеттик жөнгө салууну өзгөртүүнү шарттаган варианттар үчүн максатка жетүүнүн индикаторлорун камтыйт.

3) Жөнгө салуунун 1-варианты "1-варианттын аталышы"

Ар бир вариант үчүн төмөнкү пункттар боюнча толук сүрөттөө келтирилет.

*Жөнгө салуу ыкмасы*

Жөнгө салуучу механизмдин маңызы жана өзгөчөлүктөрү, жөнгө салуунун шаймандары баяндалат.

*Жөнгө салуу таасири*

Жөнгө салуунун вариантында маселени чечүүнүн күтүлүүчү кесепеттери, индикаторлордун максаттуу маанилерин ишке ашыруу даражасы жана кызыкчылыктардын топторуна күтүлүүчү таасирлер баяндалат.

*Ишке ашыруудагы тобокелдиктер*

Жөнгө салуунун ушул вариантын ишке ашырууда пайда болушу мүмкүн болгон тобокелдиктерди, кыйынчылыктарды талдоонун негизги натыйжалары жана ЧУАны ишке ашырууга алардын терс таасирин төмөндөтүү боюнча сунуштар баяндалат.

*Укуктук жана башка талдоолор*

Жөнгө салуунун ушул варианты үчүн ЖСТТ жүргүзүү процессинде жүргүзүлгөн талдоолордун негизги натыйжалары баяндалат.



2) Формулировка проблемы 2

Содержит точное описание проблемы 2, требующей решения.

Приводится информация:

- о масштабе проблем и о заинтересованных сторонах по каждой категории: субъекты предпринимательства, физические лица и их объединения, государственные органы и органы местного самоуправления;

- о результатах анализа законодательства и правоприменительной практики относительно рассматриваемых проблем и о влиянии государственных органов и органов местного самоуправления;

– о международном опыте решения аналогичных проблем.

Указываются экономические и правовые основания для государственного вмешательства при решении указанных проблем.

**2. Варианты государственного регулирования и оценки последствий**

1) Вариант регулирования «оставить все как есть»

Кратко излагаются прогнозируемые последствия при сохранении существующего государственного регулирования.

2) Цель государственного регулирования

Содержит точную формулировку цели принятия НПА и индикаторы достижения цели для вариантов, предполагающих изменение существующего государственного регулирования.

3) Вариант регулирования 1 «Наименование варианта 1»

Для каждого варианта приводится подробное описание по следующим пунктам.

*Способ регулирования*

Излагается суть механизма и особенности регулирования, инструменты регулирования.

*Регулятивное воздействие*

Излагаются ожидаемые последствия решения задач в варианте регулирования, степень достижения целевых значений индикаторов и ожидаемое воздействие на группы интересов.

*Реализационные риски*

Излагаются основные результаты анализа возможных рисков, потенциальных сложностей, которые могут возникнуть во время реализации данного варианта регулирования, и предложения по снижению их негативного воздействия на реализацию НПА.

*Правовой и иные анализы*

Излагаются основные выводы анализов, которые были проведены в процессе проведения АРВ для данного варианта регулирования.

*Экономический анализ*

Излагаются основные результаты экономического анализа для данного варианта регулирования.

*Результаты общественных обсуждений*

*Экономикалык талдоо*

Жөнгө салуунун ушул варианты үчүн экономикалык талдоонун негизги жыйынтыктары баяндалат.

*Коомдук талкуулоонун жыйынтыктары*

Жөнгө салуунун сунушталган вариантына карата кызыкдар тараптардын: ишкер субъекттердин, жеке жактардын жана алардын бирикмелеринин, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамилесин чагылдыруучу маалымат баяндалат.

4) Жөнгө салуунун бардык альтернативдүү варианттары үчүн андан ары ушул сыяктуу формада.

### 3. Сунушталуучу жөнгө салуу

Жөнгө салуунун артыкчылык берилген вариантын колдоо иретинде негизги аргументтер баяндалат.

### 4. Тиркеме

Аналитикалык катка жүргүзүлгөн талдоолордун толук тексттери, ЖСТТнын жыйынтыктарын жана сунуштарын чагылдыруу үчүн зарыл болгон маалыматтар жана башка материалдар тиркелет.



Излагается информация, отображающая отношение к предложенному варианту регулирования заинтересованных сторон: субъектов предпринимательства, физических лиц и их объединений, государственных органов и органов местного самоуправления.

4) Далее в такой же форме для всех альтернативных вариантов регулирования.

### 3. Рекомендуемое регулирование

Излагаются основные аргументы в поддержку предпочтительного варианта регулирования.

### 4. Приложение

К аналитической записке прилагаются полные тексты проведенных анализов, информационно-справочные и другие материалы, необходимые для иллюстрации выводов и рекомендаций проведенного АРВ.